УДК: 811.512.154

**Солтоноев А. М.**
окутуучу
*Ж.Баласагын атындагы КУУнун*
*кыргыз тил илими кафедрасы*

## КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ МОРФОЛОГИЯЛЫК ОМОНИМДЕРДИН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Солтоноев А. М.**
преподаватель
*Кыргызский национальный университет*
*имени Ж. Баласагына*
*Кафедра кыргызского языкознания*

## ОСОБЕННОСТИ МОРФОЛОГИЧЕСКИХ ОМОНИМОВ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

**Soltonoev A.M.**
teacher
*Kyrgyz National University named after J. Balasagyn*
*Department of Kyrgyz Linguistics*

## FEATURES OF MORPHOLOGICAL HOMONYMS IN KYRGYZ LANGUAGE

**Аннотация** Бул макалада кыргыз тилиндеги омонимдердин өзгөчөлүктөрү жана алардын уюшулушу тууралуу сөз болот. Омонимдер сөз түркүмүнө карата ажыратылып берилет жана мүчөлөрдүн жардамы аркылуу жасалгандыгы бир катар мисалдар менен далилденет.

**Негизги сөздөр:** омоним, полисемия, морфология, лексика, грамматика, сөз түркүм, уңгу, мүчө.

**Аннотация.** Данная статья расскажет об особенностях омонимов в кыргызском зыке и их организации. Омонимы выделяются по отношению к части речи, и то, что они образуются с помощью членов, подтверждается рядом примеров.

**Ключевые слова:** омоним, полисемия, морфология, лексика, грамматика, части речи, корень, член.

**Abstract.** In this article features of homonyms in Kyrgyz language and their formation were analyzed. Homonyms are classified in accordance with parts of speech and are formed with the help of suffixes, which was proved by a number of examples in the research.

**Key words:** homonym, polysemy, morphology, vocabulary, grammar, part of speech, stem, suffix.

*"Омонимия"* грек тилинен которгондо *homonyumia* – *"аты бирдейлик", "аты окшоштук"* дегенди түшүндүрөт. Ал эми *"омоним" homos* – *"окшош", "бирдей"* жана *onyma* – *"ат", "наам"* деген сөз-дөрдөн алынган. Демек, *омонимдер* дегенибиз эки же андан ашык түрдүү тилдик бирдиктердин тыбыштык жактан окшош айтылып, бири-бирине дал келген, бирок маанилик жактан айырмаланган сөздөр. Ал эми лексикологиянын мындай сөздөрдү иликтөөчү бөлүмү *омонимика* деп аталат [1,7-б.]. Кыргыз тилинде омонимдер өзгөчө кубулуш катары каралат жана бөтөнчө лексикалык каражаттардын бири болуп саналат. Анткени омонимдер тилде экиден ашык маанини туюнтат, тактап айтканда, бир гана сөз менен бир канча бири-биринен маанилик жактан кескин айырмаланган сөздөрдү атайбыз. Маселен, **жарык** деген омоним сөздү ала турган болсок, биздин аң-сезимибизде кеминде эки түшүнүк (күндүн жарыгы жана тоонун жарыгы) пайда болот. Мына ушул сөздөрдүн уюшулушу жана бир гана сөз түркүмдөрүнөн түзүлүшү тууралуу төмөндө кененирээк сөз кылабыз.

Морфологиялык омонимдер боюнча бир катар окумуштуулар өзүлөрүнүн көз караштарын билдирип, түрдүү мисалдарды келтиришкен. Алсак, окумуштуулар Ж. Мамытов менен З. Кулумбаева мындай деп жазышкан: "Морфологиялык составы боюнча омонимдер тубаса жана туунду болуп бөлүнөт. 1. Тубаса омонимдер. Буга уңгуга жана мүчөгө ажыратууга мүмкүн болбогон омонимдер. Мисалы: **аз I.** өңдөн аз. **Аз II.** аз болсо да, саз болсун. 2. Туунду омонимдер.

Мындай омонимдерди бөлүктөргө бөлүүгө болот. Мисалы: **курак I.** кыркы курак. **Курак II.** жаш курак", - деген көз караштарын билдиришкен [2, 19-б.]. Омонимдерди морфологиялык жактан жогорудагыдай кылып бөлүштүрүү туура. Анткени бардык эле омонимдер туунду боло бербейт, алар уңгу түрүндө гана туруп, омонимдик катышты түзөт. Биз -ык мүчөсү аркылуу уюшулган бир катар мисалдарды келтирели:

**Кыз + ык = кызык I.** Кызыктырган, көңүлдү өзүнө тарткан, адам суктанарлык, сонун, мыкты. [3, 231-б.]. Мисалы: *Эк азыр боло турган кызыкты күткөндөй, катарлашып, чылым чегишти* (Ч.А. "Гүлсарат").

**Кыз + ык = кызык II.** Бир нерсеге өтө кунт коюп көңүл бөлүү, жакшы көрүп жактыруу. [3, 231-б.]. Мисалы: *Сабыр айланага көз чаптырып, суктануу менен кызыга карады* (Т. С. "Тоо арасында").

**Сал + ык = салык I.** Налог, элден чогулуучу, төлөтүлүүчү каражат. [3, 284-б.]. Мисалы: *Кудаяр хан салык жыйноочусун да Абил бийге кошкон* (Т. К. "Сынган кылыч").

**Сал + ык = салык II.** Төмөн түшө салаңдап турган, челкейген [3, 284-б.]. Мисалы: *Ийни салык өзү зор* ("Сейтек").

**Жар + ык = жарык I.** Кандайдыр бир сынган нерселердин узатасынан кеткен жарыгы. [3, 123-б.]. Мисалы: *Жер титирөөдөн көптөгөн эл жапа чегип, үйлөрүнүн дубалдары жарык-жарык болуп калды* (оозеки кептен).

**Жар + ык = жарык II.** Көрүү сезимине таасир этип, айлана-чөйрөнү көрүнө турган абалга келтирүүчү нур, шоола. [3, 123-б.]. Мисалы: *Сүйүү деген бир гана жолу, бир кезде агарып аткан <u>жарык</u> таң, ошондой, а түбөлүккө жарыгын чачып агарып турар таң болбойт* (Ч.А. "Тоолор кулаганда").

**Кат + ык = катык I.** Турмуш-тиричиликке, жашоого, ар кандай ишке такшалуу, кагылып-согулуп бышуу. [3, 184-б.]. Мисалы: *Дербиш бала эмес, кабыргасы катыгып, капкачан турмуштун кеп жолуна чыккан адам* (Каимов).

**Кат + ык = катык II.** Эсесин кайтаруу, жазасын берүү, жообун мыктылап берүү. [3, 184-б.]. Мисалы: *Кыздар түгүл ага орунсуз катыла калган эркек балдар да катыгын алып чыгат.*

**Бур + ак = бурак I.** Эпостордо, жомоктордо айтуучу чаалыкпас, чарчабас тулпар, мыкты күлүк. [3, 82-б.]. Мисалы: *Жан атам минип жүрөт деп, Бурак атка токутуп* («Манас»). *Жаныбарым чаалыкпас, Бу жалгандын бурагы.*

**Бур + ак = бурак II.** Толуп турган жаш мезгил, толукшуган гүлгүн жаштык. [3, 82-б.]. Мисалы: *Бул он алты жаштагы бурак кыздын наристелиги, чымчыктын колтугундай жылуу, уяң сезим болуучу. Күлөт талаа жаркырап, Көркү сулуу гүл бурак* (Шамшиев).

Жогорудагы омонимдер сөз жасоочу **-ык** мүчөсү менен гана келтирилген мисалдар. Тилибизде мындан башка мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган омонимдер арбын кездешет. Бул боюнча биз кийинки макалаларыбызда да сөз кылабыз.

Омонимдер менен көп маанилүү сөздөрдүн ортосун ажыратууда айрым окумуштуулар көп маанилүү сөздөр бир гана сөз түркүмүнөн, ал эми омонимдер эки же андан ашык сөз түркүмүнөн турат деген пикирлерин жазышкан. Бирок бул ой эки кубулуштун окшоштук гана белгисине мүнөздүү. Себеби бир гана сөз түркүмүнөн турган төмөндөгүдөй омонимдерди мисалга келтирсек болот:

**Айбан I зат.** Бакма жана жапайы жашаган төрт аяктуу жаныбарлардын жалпы аты. [3, 24-б.]. Мисалы: *Ала-Тоонун арасын айбандары жойлогон.* (Бөкөнбаев). *Астындагы Аккула айбандын зору жаныбар* («Манас»).

**Айбан II зат.** Чоң чегиртке. [3, 24-б.]. Мисалы: *Жаачы батыр түк коркпос, Көк айбанга саал окшош, Боорукерлүү жайы бар, Карлыгачка жан жолдош* (Осмонов)

**Айбан III зат.** Үйдүн алды жаккы бетине жанаштыра салынып, үстү үй менен туташ жабылган жай. [3, 24-б.]. Мисалы: *Үсөн айбандагы жыгач керебетке төшөк салдырды да, жубайын балача карысына салып көтөрүп келип жаткызды* (Касымбеков). *Токтор менен Култай айбанда отурган эле* (Абдукаримов).

**Булга I эт.** Кир жугузуу, булганыч абалга келтирүү. [3, 80-б.]. Мисалы: *Өтүгү жаман төрдү булгайт* (макал). *Канаты жаман кара каз, Көлдүн четин булгаган* (Тоголок Молдо).

**Булга II эт.** Колду жана башка нерселерди имере айландыруу, имере шилтөө. [3, 80-б.]. Мисалы: *Сейит жолдошума кол булгап, тамдын бурчунан нары имерилди* (Сасыкбаев). *Карыя атынын башын бура тартып, балдарга камчысын булгап кыйкырды* (Бейшеналиев).

**Ийин I зат.** Моюндан кар жиликтин жогорку башы орношкон жерге чейинки аралык, акыректин үстү. [3, 139-б.]. Мисалы: *Ошентип эми ат алдыга түштү, жүгөндү ийнине арта салып, артында Танабай барат* (Айтматов). *Этек-жеңине кара баркып көбөлөнгөн аппак кементайы Байтеректин ийнинен түшкөнүн сезбеди.*

**Ийин II зат.** Жапайы жаныбарлардын жерди оюп жасап алган баш калкалоочу жайы. [3, 139-б.]. Мисалы: *Көп суур ийин казбайт, казса да терең казбайт* (макал).

Дагы көптөгөн мисалдарды келтирүүгө болот. Демек, кыргыз тилиндеги омонимдер бир эле сөз түркүмүнөн да түзүлөт. Ошондуктан омонимдер менен көп маанилүү сөздөрдүн айырмалоодо сөз түркүмдөрүнө карата ажыратып кароо жетишсиз. Анткени жогорудагыдай фактылар кездешүүсү мүмкүн. Мындай көрүнүштү омонимдер менен көп маанилүү сөздөрдүн окшоштугу катары карасак болот. Аталган маселе боюнча орус окумуштуусу Галкина Федорук: "Омоним сөздөрдү ажыратуу татаалданган учурларда ал сөздөрдүн ар бирине синоним сөздөрдү таап, аларды өз ара салыштырып көрүү керек. Эгерде ал синонимдердин маанилери окшош же жакын түшүнүктү берсе, анда окшош сөздөр көп маанилүү сөздөр болуп эсептелет. Эгерде синоним сөздөрдүн маанилери турмуштагы өз ара байланышы жок ар башка түшүнүктөргө таандык болсо, анда окшош сөздөр омонимдер деп каралууга тийиш",-деген пикирин айтат [4, 57-б.]. Албетте, омонимдер менен көп маанилүү сөздөрдү чегин ажыратуу татаал маселелерден. Ошондой болгон күндө да омонимдерди сөз түркүмүнө ажыратканда бир гана сөз түркүмүнө тиешелүү болсо эле көп маанилүү сөз деш туура эмес. Түгөйлөрдүн ар бир сөзүн өзүнчө анализге алып, маанисин терең ачуу кажет.

Кыргыз тилиндеги морфологиялык омонимдер тууралуу профессор А.Сапарбаев мындай деген: "Жаңы түшүнүктөрдү, нерселерди атоодо бардык учурда эле жаны сөздөр же башка тилдердеги терминдер колдонула бербестен, морфологиялык каражаттар да кеңири пайдаланылып, тилде лексикалык бирдик түзүлөт. Мына ушундай жол менен пайда болгон жаны сөздөр адепки учурда (унгу түрүндө) өзүлөрүнүн сырткы формалары боюнча айырмаланып тургány менен морфологиялык каражаттардын жардамы аркасында тыбыштык түзүлүшү жагынан окшошуп калган учурлары көп кездешет. Мындай омонимдер туунду омонимдер деп аталат"-деген оюн билдирген [5, 132-б.]. Чындыгында тилибиздеги сөздөрдү атоодо морфологиялык каражаттардын да салымы өтө чоң. Ошол сыңары омонимдер да мүчөлөрдүн жардамы аркылуу байыйт же көбөйөт. Омонимдердин бир артыкчылыгы катары алардын үнөмдүү колдонулушунда. Маселен, эки башка түшүнүктү бир гана сөз менен атап, сөздү үнөмдүү пайдаланса болот. Ушул өзгөчөлүгү менен башка лексикалык каражаттардан айырмаланып турат. Негизинен, морфологиялык омонимдерди сөз түркүмүнө ажыратып карай турган болсок, көпчүлүк учурда бир түгөйүн атооч түзсө, экинчи түгөйүн этиш түзөт. Бул боюнча да түркolog Н.Усеев өзүнүн "Кыргыз кагандыгы (VII-IXкк) жазма эстеликтери I: лексикасы жана тексттер" деген эмгегинде омонимдердин алгачкы түрүн көрсөтөт. Ал төмөндөгүчө оюн жазат: "Алгачкы омонимдер тилдин байыркы доорунда эле атооч жана этиш сөз катары колдонулуп, кайсынысы алгач жаралганы белгисиз болгон бир уңгудагы бирдей сөздөр. Мисалы: жазма эстеликтердеги ич, ички маанилерине берген ич атооч сөзү менен бир нерсени ичүүнү, курсагын тойгузуу же суусунун кандыруу максатында ашказанын суусунга же тамакка толтуруу маанисин чагылдырган ич этиши алгачкы омонимдерге кирет",-деген оюн айткан [6, 182-б.].

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тилиндеги морфологиялык омонимдер байыртадан бери колдонулуп келе жаткан лексикалык бирдик десек болот. Буга биздин күндөлүк турмушубузда колдонулуп жаткан сөздөр мисал болуп бере алат. Аталган сөздөр тилибизде бөтөнчө лексикалык бирдиктер экендигинен кабар берет. Морфологиялык омонимдер да лексикалык омонимдер сыяктуу кандайдыр бир түшүнүктөрдү атоодо чоң кызмат аткарат.

**Адабияттар:**


1. Бекджанова Р. Омонимы в киргизском языке: автореф. дис. ... канд. филол. наук / Р.Бекджанова. - Фрунзе, 1967. - 27 с.
2. Мамытов Ж. Азыркы кыргыз тили: Лексикология /Ж.Мамытов, З.Кулумбаева. –Фрунзе: Кыргызстан, 1971. – 112 б.
3. Кыргыз тилинин омонимдер сөздүгү / түзүүчүлөр:Осмонова Ж., Конкобаев К.2-бас. Бишкек. "Бийиктик" 2015. – 392 б.
4. Галкина –Федорук Е.М. Современный русский язык / Е.М.Галкина-Федорук. - М.: Наука, 1954. – 57 с.
5. Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы / А.Сапарбаев. –Бишкек: Кыргызстан-Сорос фонду,1997. –328 б.
6. Усеев Н. Кыргыз кагандыгы (VII-IXкк) жазма эстеликтери I: лексикасы жана тексттер / Н.Усеев - Бишкек. КТМУ, 2022. – 678 б.